**КЫРГЫЗ РЕСПУБИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 371.302.**

**ЖОЛДОШАЛИЕВА ЖЫЛДЫЗКАН ЭРКИНОВНА**

# ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ САБАГЫНДА 5-6-КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУРМАНДЫК КЫЗЫГУУЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (орус тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2022

Илимий иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин орус тили жана адабиятынын кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчиси: **Добаев Кыргызбай Душенбекович**, педагогика илимдеринин доктору, профессор Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү, инклюзивдик жана үзгүлтүксүз билим берүү борборунун директору

Расмий оппоненттери: **Ахметова Нурлан Алымкуловна,** педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин орус тили факультеттер аралык кафедрасынын башчысы
**Джайнакова Назгуль Толонбайевна,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин орус тили жана адабияты кафедрасы, дареги:722200, Кыргыз Республикасы, Каракол ш., Тыныстанов көчөсү, 32.

Диссертациялык иш **2022-жылы 24-июнда саат 13:00дө** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдердин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10-кичи район, Т.Саманчин көчөсү, 10-а.

Диссертацияны коргоонун жүрүшүн онлайн трансляциянын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-oyf-pc2-yyg

Диссертация менен диссертациялык кеңеши түзүлгөн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат **2022-жылдын 23-майында** таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты,
доцент Д.К. Омүрбаева

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Өлкөнүн өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык тездеши боюнча биздин коомдун алдына коюлган чоң милдеттерди жүзөгө ашыруу шартында, адам факторунун ролу эбегейсиз зор. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын орто жана жалпы билим берүү Мамлекеттик стандарты бардык жагынан айкалышып өнүккөн, руханий байлыкты камтыган, моралдык таза жана физикалык жактан жетилген коомдук активдүү инсанды калыптандыруу боюнча максаттуу иштерди жүргүзүүнүн зарылчылыгына өзгөчө көңүл бурат. Бул жоопкерчиликтүү милдеттин жол көрсөтүүчүлөрү – мектеп жана мугалимдер.

Ушул күндө окуучулардын өз алдынча китеп окуусун уюштуруу, жана алардын китеп окуу маданиятын калыптандыруу жалпы билим берүүчү мектептердин ишинин артта калган участокторунун бири болгондуктан, ал өз учурунда педагогикалык жана ата-энелер коомчулугунун өзгөчө көңүл буруулары талап кылууда. Мына ушул маселеге байланыштуу «Русское слово в диалоге культур России и Кыргызстана» I Эл аралык конгресс-көргөзмөсүндө (2017-ж., 25 – 26-октябрь) «Мы подрастеряли культуру чтения. Особенно это заметно у юношества. С малых лет нужно взращивать тягу к серьезному чтению, потребность видеть в книге не престижный элемент домашнего интерьера, а бесценную сокровищницу человеческого духа» деп баса белгиленген.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү Мамлекеттик стандартында «окуучуларды китеп жана башка билим булактары менен иштөөгө активдүүрөөк тартуу, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берүү» талабы коюлган. Ушуга байланыштуу мектеп окуучуларын окуунун бүткүл мезгилинде психологиялык-педагогикалык жактан изилдөөнү өркүндөтүү, алардын кызыкчылыктарын жана ыктарын аныктоо керек деп таанылган. Орус тилчи мугалимдин ишине карата ылайыктап алганда, мунун өзү окуучулардын китеп окууга болгон кызыгууларын изилдөө жана аны эсепке алуу, ошондой эле окуучулардын орус жана эне тилиндеги адабий чыгармаларды окурмандык кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө жараша системалуу иштерди жүргүзүү керек.

Мектеп окуучуларынын окурмандык ориентирлерин изилдөө билим берүүнүн башталгыч концентрлеринен тартып эле зарыл деп эсептелет, тактап айтканда, орус адабияты боюнча окуу курстун илимий негиздерин иштеп чыгуу үчүн, ал милдеттүү деп кабыл алынган. Мектеп окуучуларынын бул же тигил жаш курагындагы чыныгы адабияттык шыктары жөнүндө маалыматка таянып гана, окуучулардын адабий-көркөм өнүгүүсүнө андан ары көмөктөшө турган орус тилчи мугалимдердин каякка жана кайсы багытта жылышынын ориентирлерин аныктоого болот.

Өткөн кылымдын акыркы он жылдыгы мурдагы СССРдин бардык республикаларынын турмушундагы масштабдары боюнча чоң өзгөрүүлөр менен белгиленген. Албетте, билим жана тарбия берүү сферасында бул өзгөрүүлөр жаш муундарга таасирин тийгизбей койгон жок. Эгер көп

предметтер боюнча өзгөртүүлөр үстүртөдөн эле киргизилсе, ал эми тарых, орус адабияты сыяктуу предметтерди түп-тамырынан бери кайрадан иштеп чыгууга, тез арада аны «дедогматташтыруу жана деидеологизациялоого» (Л. А. Шейман) туура келди. Азыркы учурда Кыргызстандын мектептеринде адабият циклындагы сабактар окуучуларда этнотолеранттулукту жана көп маданияттуулукту калыптандырууга багытталган жаңы Мамлекеттик стандарттар боюнча окутулуп жатат.

Мурдагы СССРдин ар кайсы республикаларында эне тилинде окуткан мектептердеги окуучулардын окурмандык кызыгууларын кеңири масштабдуу жана системалуу изилдөө иши өткөн кылымдын 60-70-жылдарынын аягында активдүү, жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн.

Ошол эле мезгилде Кыргызстанда да мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын изилдөө боюнча иштер аткарылган. Бул изилдөө иштери бир тууган өлкөлөрдүн педагогдорунун изилдөөлөрүнөн бир топ айрымаланып турган. Л.А. Шейман (1988), Э.Б. Скворцов (1986), Ф.Д. Борисов (1986), Н.М. Варич (1986), Т.В. Романевич (1986), В.М. Озмитель (2014), М.Х Манликова (2017), Г.У. Соронкулов (1987), И.П. Валькова (1986) жана башкалардын изилдөөлөрү, усулдук сунуштары республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринин адабият сабагында жана сабактан тышкары иштеринде окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу, кыргыз мектеп окуучулары тарабынан орус адабиятынын кээ бир көркөм-этнотипикалык образдарын кабыл алуу спецификасын аныктоо көйгөйлөрүнө арналган. Бул эмгектердин кыскача обзору диссертациянын биринчи бөлүмүндө берилди.

VIII жана X класстардын (Г.У. Соронкулов) жана орто концентрдин IV – VII класстарынын (И.П. Валькова)* окуучуларынын китеп окууга болгон кызыгууларын илимий-педагогикалык атайы изилдөөлөр 80-жылдарга туура келет. Бул изилдөөлөр ушул көйгөйгө байланыштуу негизги маселелердин комплексин аныктоого жардам берген, алдын ала сунуштарды алууга, программаларды кайрадан иштеп чыгууга, орус тилинде окуган кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жана сабактан тышкары окууларын тууралоого мүмкүнчүлүк түзгөн.

Бирок биз жогоруда белгилеп кеткен изилдөөлөр такыр башка өлкөнүн, жана башка мезгилдин реципиент-мектеп окуучуларын камтып, мындан 30 жыл мурун ишке ашырылган. Мына ушунун өзү эле адабий билим берүүнүн көйгөйлөрүнүн маанилүү аспектилерин камтыган изилдөөлөр мезгил-мезгили менен сөзсүз түрдө жүргүзүлүп туруусу жөнүндө айтып турганы өзү эле түшүнүктүү болуп турат.

Жогоруда айтылгандын артында, бул көйгөйгө байланыштуу 5-6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларынын негизги маселелеринин комплексин аныктоого жардам берген атайы илимий-педаго-

*Бул изилдөөлөр 1987-жылга чейин жүргүзүлгөндүктөн, класстардын нумерациясы ошол мезгилдеги жалпы билим берүүчү 10-жылдык кыргыз-мектептин окуу планына ылайык көрсөтүлгөн.

гигкалык изилдөөнү жүргүзүү зарыл экени шексиз.

Биздин изилдөөгө Кыргызстандын ар түрдүү территориалдык зоналарындагы жалпы билим берүүчү мектептердин 5-6-класстарынын окуучулары катышкан. Бул бешинчи-алтынчы класста окуган кыргыз балдардын окурмандык келбетинин “бир заматта тартылган орточо сүрөтүн” алууга көмөкчү болду деп ойлойбуз. Фондук материал республиканын орус тилинде окуткан мектептеринен аныкталган.

Билим берүүнү модернизациялоо маалыматты сиңирүүгө, ишкердиктин ыкмаларын өздөштүрүүгө багытталган, китеп окуунун аркасы менен жетишүүгө мүмкүн болгон маданий жаратууга шыктуу, чыгармачыл ой жүгүртө алган инсанды калыптандырууга басым жасаган окутуунун системасынан өнүктүрүүчү окутууга өтүүнү талап кылат. Бирок азыркы учурда окуучулар тарабынан китеп окууга болгон кызыгуу бир кыйла төмөндөп кеткен жана биздин пикирибиз боюнча анын мындан ары стабилдешип кетүүсүнө жол берилбеши керек. Тилдик, этнопсихикалык факторлорго байланыштуу көп тилдүү шарттарда окурмандык кызыгууну калыптандыруу процесси мурдагыдан дагы актуалдуураак боло баштайт.

Мектеп окуучуларынын китеп окууга кызыгууларын калыптандыруу маселеси, мугалимдин билгичтик менен педагогикалык ыкманы талап кылып, балдардын китеп окуу билгичтиктери, көндүмдөрү калыптана баштаган мезгилде актуалдуулукка ээ болот. Китеп окууга кызыгуунун өзү эле инсанды көп жагынан аныктап тургандыктан, анын мектеп окуучуларында калыптануу процесси биз тараптан психологиялык-педагогикалык көйгөй катары кабыл алынган.

Жалпы билим берүүчү уюмдардагы мугалимдердин жана окуучулардын окуу ишкердиктери балдардын окурмандык кызыгууларын өнүктүрүү боюнча практикалык аракеттер деңгээлинен жетишээрлик төмөн экенин күбөлөндүрүп турат.

Балдардын китеп окууга кызыгууларын өнүктүрүү боюнча орус тилчи мугалимдердин ишинин анализи, алардын практикалык аракеттери жетишээрлик эмес деңгээлде экенин дагы бир жолу далилдеп турат. Алар окуучуларынын окурмандык кызыгууларын өнүктүрүүгө эмес, алардын программалык материалды өздөштүрүү деңгээлин жогорулатууга көп көңүл бурушат. Биздин иштин актуалдуулугу бул көйгөйдүн заманбап мектепте жетишээрлик деңгээлде иштелип чыкпагандыгында, ага тиешелүү “Орус тили жана адабияты сабагында 5-6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун дидактикалык негиздери” темасына токтолгонубуз да ушул себептен.

Изилдөөнүн максаты – окуучулардын орус тили жана адабияты сабагында китеп окууга кызыгууларын аныктоо жана анын негизинде кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандырууга багытталган жолдорду жана сунуштарды иштеп чыгуу, негиздөө жана эксперименталдык апробациядан өткөрүү.

**Изилдөөнүн максатына** жетүү үчүн төмөндөгү маселелерди чечүү талапка ылайык:

1. Кыргызстанда окурмандык кызыгуу боюнча мурда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жана аны изилдөө көйгөйү боюнча психологиялык-педагогикалык адабиятты изилдөө жана жалпылоо.
2. Окуучуларды орус тилдеги китептерди окууга тартуу боюнча ишти оптималдаштыруу үчүн, алардын кызыгууларынын анализин база катары колдонуп, 5 – 6-класстардын окуучуларынын чыныгы окурмандык кызыгууларын аныктоо боюнча ишти жүзөгө ашыруу.
3. 5 – 6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу боюнча иштелип чыккан системанын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

Изилдөөнүн негизги идеясы – балдардын окурмандык кызыгуулары психологиялык-педагогикалык ыкмаларды колдонуп, алардын менталдык жана жаш өзгөчөлүктөрүн, руханий жана башка керектөөлөрүн эсепке алып, “мектеп – үй-бүлө – китепкана” биримдигин окуу-тарбиялык процесске киргизип, мектеп окуучуларынын китеп окуу ишкердиктерин стимулдаштырган системаны жайылтканда гана калыптанат.

Изилдөө базасы катары 7 мектеп алынган: Жалал-Абад областынын Токтогул районунун төрт мектеби: Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектеп, Малькубат атындагы орто мектеп (кыргыз мектептер), Токтогул атындагы № 1 орто мектеп, Н. Бримкулов атындагы № 1 гимназия-орто мектеби жана Чүй областынын Сокулук районунун эки мектеби: Ч. Айтматов атындагы № 1 УОК-Л, Военно-Антоновка айылынын № 1 УКВ-Гы жана Бишкек шаарынын №7 орто мектеби.

**Изилдөөнүн жаңылыгы** жана теориялык маанилүүлүгү:

– “окурмандык кызыгуу” түшүнүгүнүн спецификасы такталган, жалпы билим берүүчү кыргыз мектептердин 5 – 6-класстарынын окуучуларында анын калыптануу критерийлери жана деңгээли аныкталган;

– билим алып жаткан концентрдин окуучуларында китеп окууга болгон кызыгууну калыптандыруу боюнча система иштелип чыкты;

– кыргыз мектеп окуучуларынын этнопсихологиялык жана жаш өгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, алардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун педагогикалык жетектөөсүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары мектеп окуучуларынын өз алдынча китеп окуу колдонмосу боюнча усулдук окуу куралдарын түзүү үчүн база болуп калышы ыктымал, орус тили жана адабияты сабактарын окутуу методикасы курсунда, спецкурстарды жана спецсеминарларды иштеп чыгууда мектептердин мугалимдери, жогорку окуу жайлардын окутуучулары колдонушу мүмкүн. Биздин изилдөөлөр андан тышкары илимий-негизделген аныктоо үчүн класстан тышкары окуудагы баштапкы база болуп кызмат кылышы мүмкүн.

Андан тышкары биздин маалыматтар илимий-негизделген тизмени аныктоо үчүн, тиешелүү баштапкы атайы курстарды жана атайы семинарларды иштеп чыгууда, мектептин мугалимдери тарабынан практикалык иштерде колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле бул маалыматтар "Кыргыз мектеп окуучусунун китепканасы" басылышын кайрадан жаңылоону талап кылуу максатын көздөгөн жана класстан тышкары окуу үчүн адаптацияланган китептердин илимий-негизделген тизмесин аныктоочу базасы катары кызмат кылат.

Изилдөөнүн шексиздиги жана далилдүүлүгү баштапкы теориялык маалыматтардын методологиялык аргументтештирилгендиги; заманбап билим берүүнүн өнүгүшүнүн фундаменталдык концепцияларына негизделген жана эксперименталдык тажрыйбалык иштин предметине жана милдеттерине ылайык адекваттуу тандап алган ыкмалар; окуп жаткандарда оң натыйжалардын кайталанып туруусу; эмпирикалык маалыматтардын статистикалык иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

Биздин изилдөөнүн апробациясынын жыйынтыктары а) республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда докладдар формасында билдирилди; б) илимий-методикалык басылыштарда, анын ичинде чет өлкөлүк (Россия, Өзбекстан) басылыштарда да публикациялар формасында берилди; в) автордун "Орус тили жана адабияты методикасын окутуу" предметин окутууда колдонуу. Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары мезгил-мезгили менен И. Арабаев атындагы КМУнун ГБФнин орус тили жана адабияты кафедрасынын отурумдарында талкууланган. Диссертациянын темасы боюнча 18 макала жарыяланган.

**Коргоого төмөнкү жоболор** алынып чыгат:

1. 5 – 6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларынын туруктуулугу бири-бирин толуктаган үч компоненттин жардамы менен жогорулайт: предметке карата эмоционалдык мамиле, белгилүү билим алуу үчүн кайраттуу импульс, окурмандык кызыгууну калыптандыруудагы интеллектуалдык активдүүлүк.
2. Мектеп окуучуларында окурмандык кызыгууларды калыптандыруу төмөндөгү шарттарды сактаганда гана максатына жетет: бирдиктүү педагогикалык процесс катары максаттуу тарбиянын жана окутуунун биримдиги; балдардын менталдык, жаш өзгөчөлүк жана индивидуалдык психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу; "мектеп – үй-бүлө – китепкана" үч биримдиктин өз ара кызматташуусу.
3. Мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларынын өнүгүүсү окуу процессине карата эмоционалдык мамиленин болушу, көркөм чыгарманы окууга карата басымдуулук кылган керектөөлөр жана мотивдердин туруктуулугу, окууда чыгармачыл активдүүлүктү көрсөтүү, акыл-эстүү өз алдынчалык жана демилгелүүлүк менен аныкталат.

**Изилдөө үч этап менен жүргүзүлгөн**:

1. Биринчи этапта (2015-2016-жж.) педагогикалык, психологиялык жана усулдук адабияттардагы окурмандык кызыгуунун өнүгүү көйгөйүнүн

иштелип чыккан абалы изилденген; мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланган; изилдөөнүн максаты, маселелери, гипотезасы аныкталган; окуучулардын окурмандык активдүүлүгүнүн, алардын китепти көп окугандык жана программалык чыгармаларды кабыл алууларынын деңгээлин аныктоо үчүн констатациялоочу эксперимент жүргүзүлгөн.

2. Экинчи этапта (2016 – 2017-жж.) калыптандыруучу эксперименттин программасы иштелип чыккан жана апробациядан өткөн, экспериментке катышкан мектептердин 5 – 6-класстарынын окуучуларынын жана мугалимдеринин ишкердиктеринин координациясы, окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттардын системасы ишке ашырылган.

3. Үчүнчү этапта (2017 – 2018-жж.) эксперименталдык тажрыйба иши аягына чыгарылды, калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктарына анализ берилди, материалдар системага келтирилди жана корректировкадан өттү, диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары формулировкаланды.

Диссертациянын курамы, түзүмү. Диссертация киришүү, үч бап, корутунду, библиография жана тиркемелерден турат. Изилдөөнүн жалпы көлөмү 155 бет, анын ичинен 16 бет колдонулган адабият тизмеси түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүү бөлүмүндө илимий иштин жалпы мүнөздөмөсү, тандап алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий-теориялык жана практикалык мааниси, коргоого алынып чыгарылган негизги жоболору, апробациянын маалыматтары баяндалган.

“Мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын изилдөөнүн теориялык негиздери” биринчи бапы эки параграфтан турат. “Мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптаптандыруунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык аспектилери” аталышындагы биринчи параграфта изилдөөнүн негизинде белгиленген, жалпы жана педагогикалык психологияда кабыл алынган деятельностный (аракеттүүлүк) ыкмасы каралган. Ал иш, аракет, кыймыл – субъекттин же топтун курчап турган чөйрө менен аракеттеринин активдүү, максаттуу жана динамикалык системасы дегенден келип чыгат. Так ошол аракеттенүү процессинде инсандын психологиялык сапаттары жана механизмдери калыптанат (Л.С. Выготский, С.Л. Рубинштейн, А.Р. Лурия, А.Н. Леонтьев, П.Я. Гальперин жана башкалар). Китеп окууну бул концепциянын негизги түшүнүктөр системасында окурмандык аракети катары кароого болот.

Бул чыгармачыл жана эркин мүнөзү менен айырмаланган эстетикалык аракеттин бир түрү. Биздин изилдөөгө карата демек, сөз кыргыз мектеп окуучуларынын орус тилдүү окурмандык аракеттери жөнүндө болуп жатат. Аракетттин маанилүү параметри жана аракеттүүлүк ыкмасынын биринчи принциби – өнүгүү – психикалык процесстердин убакыт бирдигиндеги мыйзамдуу, багыттуу, илгерилеген өзгөрүүсү. Адабиятты окутуу

методикасына карата бул категорияны окуучулардын орус тилдүү окурмандык өнүгүүлөрү үчүн, мугалимдин жетекчилиги астында орус тилинин көркөм маданиятын орус тилинде өз алдынча өнүктүрүү үчүн кыргыз мектеп окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүндөгү прогрессивдүү иш катары түшүнүүгө болот.

Окуучулардын ар тараптуу окурмандык өнүгүүсүнүн негизги фактору – бул бирдиктүү педагогикалык процесс. Аны уюштуруунун баштапкы шарты – педагогикалык диагностика – окуучулардын азыркы абалын жана өнүгүү келечегин аныктоо жана талдоо. Диагностика бүгүнкү күндө педагогикалык процессти уюштуруунун эң маанилүү багыттарынын бири катары каралып, «окутуунун конкреттүү кыйынчылыктарынын мүнөзү жөнүндө зарыл маалыматтарды», ошондой эле анын «негизги линиясын» ишке ашыруунун ыкмаларын жана бул процесске туруктуу мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылууда.

Бул багыттын талапкерлеринин бекем ишенимдери боюнча алынган психологиялык-педагогикалык диагноз мектептин окуу ишкердүүлүгүн түзөтүүнүн кийинки системасын иштеп чыгууга кызмат кыла тургандай болуп, окуу-тарбиялык процессти бүтүндөй коштоп жүрүүсү талапка ылайык. Ошону менен бирге ал баштапкы этабында кандай болсо, корутундулоо этабында так эле ошондой ишке ашырылышы керек, анткени мектептик диагностикага болгон керектөө жогорулоодо, ошондой эле ал көптөн бери адистер тарабынан өз алдынча психологиялык-педагогикалык дисциплина катары таанылып калган.

Берилген контексте кыргыз мектеп окуучуларынын орус тилдүү окурмандык өнүгүүлөрүнүн активдештирүү жолдорун иштеп чыгуунун башкы шарты болуп, алардын окурмандык кызыгууларын тереңдетип изилдөө маселеси кала бериши керек. Бул көйгөй чечилмейин, оригинал тилиндеги чет тилдүү, башка улуттагы адабиятты өздөштүрүү чөйрөсүндө, ийгиликке жетишүүгө мүмкүн эмес.

Окуу процессин жакшыртууга багытталган маселелердин арасында окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу көйгөйү өзгөчө зор, анткени кызыгуу окуучулардын тышкы жана ошондой эле ички күчтөрүн мобилизациялайт, активдүү абалга алып келет. А.К. Маркова бул процессти – «это сложное личностное образование», деп эсептейт.

Мына ошентип заманбап психологиялык-педагогикалык илимдин бир катар маанилүү жоболоруна таянуу менен, окуучулардын окурмандык кызыгууларын изилдөөнү тереңдетүү кандай болсо, тексттердин жеткиликтүүлүгүн оптималдаштыруу жолу менен педагогдун максаттуу стимулдаштырылган ишкердигин жүзөгө ашыруу менен, бул кызыгуулардын калыптануу жана тууралоо жолдорун иштеп чыгууда белгилүү бир илгерилөөгө, негиз болот деп ишенүүгө болот.

**«Кыргызстанда мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын изилдөө”** параграфында өткөн кылымдын 60-жылдарынын орто ченинен тартып эле мына ушул сыяктуу изилдөөлөр жүргүзүлө

баштаганы белгиленген. Алардын эпизоддук, анча чоң эмес масштабда жана көйгөйдүн маанилүү параметрлеринин бардыгын камтыбастан жүргүзүлгөнүнө карабастан, кыргыз тилиндеги мектептерде өз алдынча предмет катары “Орус тили жана адабияты” сабактарын алып баруучулардын позициясын чыңдоодо натыйжалары чоң роль ойногон жана көп жагынан окутуу методикасын өнүктүрүүгө көмөкчү болгон.

Изилдөөгө катышкан окуучулардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз балдарынын орус жана эне тилиндеги чыгармаларды окуудагы окурмандык эки тилдүүлүгүнүн белгилүү бир өнүгүүсү жөнүндө билдиришти.

Окуучулардын бул же тигил чыгармалар менен тааныштыруу жөнүндө булактарынан маанилүүрөөгү – “Орус тили жана адабияты” китеби. “Улуулардан уктук” фольклордук стилдеги эстеликтер жана чыгармалардын акциясын кескин жогорулатты. Оригинал тилиндеги орус авторлорунун чыгармаларын окууну стимулдаштыруу маселесинде “Библиотека киргизского школьника” сериясы белгилүү бир маанилүү ролду ойноорун изилдөөлөрдүн материалдары тастыктады. “БКШ” сыяктуу атайы методикалык иштелип чыккан басылыштарды, жада калса алыскы айыл мектептеринин окуучулары өздөрү каалап окушкан.

Бул фактынын өзү эле кыргыз балдардын өз алдынча орус тилинде китеп окуу чөйрөлөрүн кеңейтүүнүн перспективалык жолдорунун бири катары квалификацияланган. Алынган маалыматтар ошондой эле окуучулардын окурмандык кызыгууларын активдештирүүнүн потенциалдык жана тексттердин тексттик жогорку жетишкендиги сыяктуу эң маанилүү факторлор жөнүндө эскерткен.

Кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык кругозору жөнүндө маанилүү маалыматтар, чыгармадагы персонаждарды атап берүү суроосунан алынган. “Манас” баатыр эпосу эч конкуренциясыз жана ошондой эле көптөгөн параметрлери боюнча алдыда турган. Окуучулар эч кыйналбастан башкы гана эмес, кээде дегеле бир майда эпизоддук персонаждардын (шарттуу коэффициент – бир окуучуга 5,2) аттарын атап, чыгарманын каармандарынын бүтүндөй галереясын тизип жана айтып бере алышкан.

Орус адабиятынын каармандарынын тизмеси таасирдүүлүгү жагынан төмөн, бирок маалыматтуу деп аныкталган («Илья Муромец» боюнча – 4,3 персонаж бир окуучуга; «Дубровский» боюнча – 3,7; «Руслан и Людмила» – 3,3), бирок окуучулар “Гарри Поттер” жана “Властелин колец” чыгармаларын андан да жакшы билишкен.

1982-жылы Н.Г. Зарифьян орус адабиятынын чыгармаларын кыргыз мектеп окуучуларынын өз алдынча окууну стимулдаштыруудагы экрандаштыруунун ролун изилдеген. Биздин республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринин жогорку класстарынын окуучуларынын искусствонун үч түрүнө – адабият, кино жана театрга болгон көркөм кызыгууларынын калыптануу деңгээли аныкталган. Кыргыз мектеп окуучуларынын билим алуудагы орто концентринин (IV – VII классы) китеп окуу чөйрөсүн изилдөө боюнча жүргүзүлгөн экспресс-изилдөө 1985-жылдын

аягына туура келет 180 мектеп окуучусун камтыган бул изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча IV-V кыргыз класстардын окуучуларынын көркөм-окурмандык ориентацияларында биринчи орунду шексиз жомоктор (82 % төртүнчү класстар жана 100 % бешинчи класстардын окуучулары) ээлей турганы бизди күбөлөндүрдү. Алардын кийинки окурмандык ышкыбоздуктарындагы шкалада – укмуштуу окуялар мүнөзүндөгү адабият (23,5 %) орун алган. Реципиенттердин улам жашы жогорулаган сайын жомок жанрындагы чыгармаларды артык көрүү төмөндөп, лидерлик укмуштуу окуяларга өткөн (66 % жана 75 %). Андан кийинки орун согуш, революция жөнүндө чыгармаларга (25 %), достук жөнүндө китептерге (18 %) берилген.

Окуучулар өз алдынча окуу үчүн китептерди кайдан алышат; үйдө китептер жыйнагы жана мектеп китепканалар фонддору барбы; бул же тигил чыгарманы тандап алууга кеңеш берген адамдар сыяктуу суроолорго кызыктуу маалыматтар И.П. Валькова тарабынан алынган.

1981-1986-жылдары балдардын окурмандык кызыгууларын аныктоо боюнча Г.У. Соронкулов өлкөнүн 19 мектебинде масштабдуу иш жүргүзгөн. Бул ишке кыргыз жана орус тилдеринде окуткан айыл мектептеринин 8- жана 10-класстарынын бир миңге жакын окуучусу тартылган.

Окуучулардын китеп окуу маданиятында олуттуу көйгөйлөр аныкталган: өз алдынча демилгелүү окуунун начар өнүгүшү жана окуп чыккан китеп боюнча өнүктүрүүчү баарлашуунун формаларынын деңгээлинин төмөндүгү; окурмандык күндөлүктү жүргүзүүнүн жайылтылбагандыгы ж.б.

Кыргыз балдарынын системалуу китеп окуу маданиятынын өнүгүшүндөгү белгилүү себеп болуп, ата-энелердин маанилүү бөлүгүнүн “китепти аз окугандыгы” менен түшүндүрүлөт. Изилдөөгө катышкан мектеп китепканаларынын көпчүлүгүндөгү китеп фондунун канагаттандыраарлык эмес абалы жана китепканачылардын квалификациясынын төмөн болуусу да окурмандык кызыгуунун деңгээлине өз таасирин тийгизген.

Бирок кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларындагы перспективалуу учурлар аныкталган. Бул жерде, китеп окуу маселелеринде мугалимдин авторитети башкы кеңешчи катары басымдуу болуп кала берген. Суроолорго жооп берген окуучулар сүйүктүү адабий каармандардын ичинен орчундуу орунду бекем ишеним менен орус адабиятынын персонаждарына ыйгарышкан жана окурмандардын жашы жогорулаган сайын персонаждар маанилүүрөөк боло баштаганы ачык-айкын көрүндү. Кыргыз балдардын окуган китептеринин саны боюнча орус мектептеринин окуучуларынан бир топ төмөн турса да, алардын орус тилинде окуган башка улуттардын адабияты менен кененирээк тааныш экени аныкталган.

Г.У. Соронкуловдун изилдөөлөрү улуттук ооз эки поэтикалык чыгармачылыктын кыргыз мектеп окуучуларынын көркөм ориентацияларынын орношундагы мааниси жана ойногон орчундуу ролу жөнүндөгү өзүнөн мурдагылардын айтууларын далилдеп тактаган. Бул Пушкиндин жомокторуна, Шота Руставелинин “Жолборс терисин жамынган

баатыр” чыгармасына болгон кыргыз мектеп окуучуларынын стабилдүү активдүү кызыгуулары менен түшүндүрүлөт. Бул шарттардагы кызыгуу кыргыз мектеп окуучуларын орус тилинде китеп окууга активдештирүүнүн маанилүү фактору катары каралат: аларды мисалы, А.С. Пушкиндин “Руслан жана Людмила” поэмасы сыяктуу чоң жана тили боюнча татаал чыгармаларды окуп чыгууга үндөйт. Кыргыз жаштарынын бул поэмага болгон чоң кызыгуулары изилдөөчүнүн пикири боюнча «…объясняется рядом причин: это и ярко выраженный восточный дух; и типологическая созвучность восточным дастанам и, соответственно, поэмам кыргызского «малого эпоса»; и генетическое родство имени и художественного характера главного героя пушкинской поэмы с персонажами тюркоязычного фольклора и средневековой литературы Востока» (Г.У. Соронкулов, 2020).

Ошентип, потенциалдуу мазмундук-эстетикалык жана тексттик жактан жогорулатылган жеткиликтүүлүк, тилдик кыйынчылыктарды белгилүү бир деңгээлде компенсациялаган сыяктуу. Мына ушунун өзү республиканын методистери айтып чыккан фольклор жана аны менен эле чектелип калбастан, кыргыз мектеп окуучуларынын китеп окууларын акырындык менен этномаданияттыкка багытталган татаалдаштыруу жол-жобосунун максаттуулугун дагы бир жолу далилдеп турат. «Человечество прошло путь от сказки до Льва Толстого», – деп Ч. Айтматов белгилеген.

Биринчи бап боюнча кээ бир корутундулар.

1. Өткөн кылымдын 60-жылдарынын ортосунан баштап 80-жылдарга чейин Кыргызстандын орус тилчи изилдөөчүлөрү ар түрдүү көп көйгөйлөр боюнча кыргыз мектеп окуучуларынын көркөм-окурмандык ориентацияларын изилдөөдө жетишээрлик активдүү жана ийгиликтүү иш алып барышкан.
2. Алардын көркөм-сөздүк билиминде орус жана эне тил адабиятынын орду дифференциялдуу аныкталган. Кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык ышкыбоздуктарын калыптандыруудагы улуттук фольклордун өзгөчө орду жөнүндө маалымат алынган.
3. Адабий чыгармалар менен таанышуунун булактары, алардын ичинде бул процесстеги экрандаштыруунун ролу да аныкталган. Изилдөө методикасы жакшыртылган; өзүнүн эвристикалык мүмкүнчүлүктөрүн демонстрациялаган көркөм-окурмандык ориентация жөнүндө түшүнүктөр айтылып чыккан жана өнүктүрүлгөн.

**“Ортоңку звенодогу окуучулардын окуу кызыкчылыктарын изилдөөнүн методикасы жана методологиясы”** бапынын

**Изилдөө объектиси** – жалпы билим берүүчү мектептердин 5 – 6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу процесси.

**Изилдөө предмети** – жалпы билим берүүчү мектептердин 5 – 6-класстарынын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун дидактикалык негиздери.

Изилдөөнүн методологиялык негизи – балдардын окурмандык кызыгууларын калыптандырууга арналган билим берүүдөгү классиктердин эмгектеринин психологиялык-педагогикалык жоболорунун жыйындысы.

Алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн бири-бирин толуктап турган ыкмалардын комплексин колдондук:

– социологиялык-педагогикалык (алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо; окурмандык кызыгууларды ж.б. өнүктүрүү көйгөйү боюнча педагогикалык, психологиялык жана методикалык адабияттын анализи;

– эксперименталдык тажрыйба;

– эмпирикалык: байкоо, аңгеме, анкета алуу, тестирлөө, мектеп документациясына анализ жасоо, мугалим жана окуучуларды сурамжылоо;

– статистикалык (эксперименталдык маалыматтарды иштеп чыгуу).

**“Кыргыз жана орус тилдүү мектептердин окуучуларынын окурмандык ышкыбоздуктары жана китеп окуу чөйрөсү”** параграфы.

2015-2019-жылдарда 5-6-класстардын окуучуларынын окурмандык ышкыбоздуктарын аныктоо боюнча изденүүчүнүн жүргүзгөн иши жөнүндө сөз болгон. Изилдөөнүн реципиенттеринин жалпы саны – 267. Алар менен катар изилдөөнүн объектиси катары иликтөөгө 7-класстардын окуучулары (“фондук материал” 95 адам) катышкан. Реципиенттердин жынысы боюнча курамы төмөндөгүдөй болуп бөлүштүрүлгөн: жалпы катышкандардын санынан эркек балдар – 42 %ды, кыздар – 58 %ды түзүшкөн.

Реципиенттер тарабынан орус тилиндеги программадан тышкары акыркы мезгилде окуп чыккан адабияттын көлөмү, бешинчи-алтынчы класстардын окуучуларынын китеп окугандыгынын интенсивдүүлүк көрсөткүчүнүн төмөн экенин күбөлөндүрүп турат. Анча көп эмес окуучулар Ч. Айтматовдун чыгармаларын аташкан (23 окуучу 6 чыгарманы), жана “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” үчилтиги.

Мотивге болгон чыныгы ышкыбоздук боюнча орус китеби эң алгач орус тилин үйрөнүүнүн каражаты деген ойду Н.Е. Добрынина айтып чыккан: «… вероятно, для выбора произведений русских авторов (читателям других нацио-нальностей) немаловажным будет утилитарный мотив, связанный с совершен-ствованием знания русского языка».

Бул пландагы китепти кайсы тилде окууну каалайсың: а) Кыргызстандын жазуучулары; б) орус авторлору; в) дүйнөнүн башка элдеринин жазуучулары; г) чет элдик авторлор (тиркемедеги 2-табл. карагыла) суроолоруна карата реципиенттердин жооптору белгилүү бир кызыгууну жаратат.

Кыргыз мектеп окуучуларынын жооптору көпчүлүк окуучулардын кыргыз жана орус адабиятынын чыгармаларын оригиналда окууга умтулуулары жөнүндө айтып турат: «Книги надо читать на том языке, на котором они написаны» (Токтогул ш., Токтогул атындагы орто мектеп).

Анкетанын мындан мурунку суроосуна: “Сен кыргыз тилине которулган чыгарманы окуп коюу жетиштүү деп эсептейсиңби? (Өз оюңду кыскача түшүндүр)” тактооч суроосу кошулган.

Жалпы окуучулардын санынын жарымынын азыраагы (47,9 %) орус тилиндеги китептин кыргыз тилине которулганын окуп коюу жетиштүү эмес деп эсептешет. Ал эми окуучулардын 52 %ы орус жазуучуларынын китептерин которулган тилде окуп коюу жетиштүү болот деп эсептешет. Чыгарманы котормо түрүндө окуунун талапкерлеринин мүнөздүүрөөк мотивировкалары: «Когда читаю книгу на русском языке, не могу понять полностью идею. На кыргызском языке понятнее» (СШ № 1 с. Терек-Суу Токтогульского района); «По-моему, достаточен перевод на кыргызский язык, потому что на нем понятнее» (Бишкек ш. № 7 орто мектеби).

Тиркеменин № 7 таблицасынан көрүнүп тургандай, окуучулардын өзүлөрүнүн сүйүктүү деп эсептешкен орус жазуучулары көбүнчө мектеп программасы аркылуу таанышкан авторлор. Мына ушул сыяктуу көрүнүш мурда жүргүзүлгөн биздин республикадагы, ошондой эле кошуна республикаларда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтарына мүнөздүү белгилүү бир рамкада мыйзамченемдүү: мына так ушул жазуучулардын чыгармалары менен мугалим аларды сабактарда жана класстан тышкаркы окууларда кеңири тааныштырат жана ал чыгармаларга анализ берет. Андан калса биздин реципиенттер – айыл мектептеринин окуучулары жана изилдөөчүлөрдүн жыйынтыгы боюнча «… более зависимы от изучения литературы на уроках, от школьной программы… круг их литературных впечатлений чаще ограничен учебной программой».

Башкаларга салыштырмалуу сүйүктүү орус авторлорунун тизмесинде чоң айырмачылык менен алдыда А.С. Пушкин турат. Ошону менен катар эле, жооп берген окуучулардын 80 %ы акынды биринчи орунга коюшкан. Андан кийин улам төмөндөө тартибинде М.Ю. Лермонтов, А.М. Горький, Л.Н. Толстой жайгаштырылган. Сүйүктүү авторлордун тизмеси башка тизмелер – чыгармалар жана жакшы көргөн каармандар менен мыкты макулдашылгандыгын бул жерде белгилей кетүү керек. Ошентип, “Сказка о рыбаке и рыбке” жана “Руслан жана Людмила” эң жакшы көргөн чыгармалардын ичинде биринчи орунда, ал эми Руслан жана Людмила сүйкүмдүү персонаждарда. Эң жакшы көргөн биринчи үч орус авторго Лев Толстой кирет; анын чыгармаларынан “Кавказ туткуну” жана “Акула” көрсөтүлгөн.

Биздин окуучуларыбыздын эне тили адабиятынан алынган 12 персоналийден турган авторлордун тизмесиндеги лидерлик окуучулардын эң сүйүктүү жазуучусу Ч. Айтматовго таандык. Жооп берген окуучулардын маанилүү бөлүгү эне тилиндеги поэзияны жакшы көрүшкөнүн билдиришкен. А. Токомбаев, Т. Сатылганов, А. Осмонов сыяктуу акындар сүйүктүү беш автордун ичине кирген.

Кыргыз өспүрүм балдарынын эне тилиндеги чыгармалардын ичинен сүйүктүү чыгармалар тизмесин “Ак кеме” повести ачат. Кийинки эки орун да Ч. Айтматовдун китептерине (“Эрте жаздагы турналар”, “Биринчи мугалим”) берилген. Биз жогоруда белгилеп кеткендей, окуучулардын кыргыз

адабиятындагы сүйүктүү каармандарынын тизмесинде биринчилерден болуп Ч. Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестинин каарманы Дүйшөн аталган.

Ал эми **“Окуучулардын жакынкы айланасы китеп окууга кызыктыруучу катары”** пунтчасында мектеп окуучуларын китеп окууга тартуу деңгээли көбүнчө инсандын адабиятка, китеп окууга болгон баалуулуктар ориентациясын калыптандырууга маанилүү таасир тийгизген анын жакынкы айланадагыларынын чөйрөсү менен шартталат делет.

Суроолорго жооп берген кыргыз мектеп окуучуларынын 64 %ы окуу үчүн бул же тигил китепти мугалимдин кеңешин жетекчиликке алып, тандап алыша турганын билдиришкен. Китеп окуудагы мугалимдин жетекчилигинин салыштырмалуу жогору көрсөткүчү Военно-Антоновка айылынын орто мектеп-интернатынын спецификасында чоң роль ойноду.

Окуучулардын китеп окуусундагы мугалимдин жетектөөчү ролу төмөн экенин республиканын башка областтарындагы мектептердин арасында жүргүзүлгөн анкеталардын салыштырмалуу анализ бизди күбөлөндүрүп турат. Ошондой эле ушул салыштырмалуу жогору көрсөткүч менен окуучулар мугалимдеринин ролун бир топ жогорулатып коюшканын эске албай коюуга болбойт. Алардын көпчүлүгү биздин изилдөөнүн жүрүшү жана натыйжалары үчүн көз көрүнө эле толкундангандары байкалып жатты.

Кыргыз-респонденттердин 69 %ы окуу үчүн китеп тандоодо аларга достору жана классташтары кеңеш берээрин билдиришти. Орус тилдүү окуучулардын 93 %нын окуган китептери жөнүндө пикир алмашуулары бир кыйла активдүү ишке ашырылат. Суралгандардын ата-энелери мугалимдерге жана балдарынын досторуна салыштырмалуу байкалаарлык деңгээлде артта калышкан: мына ушул суроого алардын 40 %ы гана балдарына бул же тигил денгээлде кеңешчи боло алабыз деп жооп беришкен. Мына ушундай абал көп жагынан алып караганда биздин окуучулардын ата-энелери китепти аз окугандыгы менен шартталган. Ал эми “Сенин ата-энең эмне жөнүндө окуганды жакшы көрөт?” деген суроого балдар алар такыр китеп окушпайт, аталар – 27 %, энелер – 54 % деп жооп беришкендиги капысынан эмес.

Бирдиктүү алганда, кыргыз тилинде окуткан мектептин шарттарында орус тил мугалимдери кандай болсо, эне тили мугалимдеринин, ошондой эле ата-энелерди педагогикалык көйгөйлөргө окутуу ишин  жакшыртуу боюнча тартылган китепканачылардын өзгөчө активдүү күч-аракеттери, так ошондой керек экенин жогорудагы маалыматтар ишенердик кылып далилдеп жатат.

«5-6-класстын окуучуларынын окууга болгон кызыгуусун жогорулатуунун жолдору» үч пункттан турат. Алардын биринчисинде **«5-6-класстарда орус тили сабагында окуучулардын окуу активдүүлүгүн өнүктүрүү»** кыргыз тилиндеги мектептердин окуучуларынын арасында системалуу окуунун жана окуу сабаттуулугунун зарылдыгын калыптандыруу маселеси белгиленген. Окуу активдүүлүгүн күчөтүү бүгүнкү күндө болуп көрбөгөндөй актуалдуу болуп баратат. Кыргыз класстарынын окуучулары орус тилин жана адабиятын класста гана эмес, ар турдуу интернет булактарынын жардамы менен да зор каалоо менен уйрөнуп жатышат. Бул

маселеде өз алдынча орус тилдүү окуунун ролу чоң. Алардын окуу компетенттүүлүгүнүн негиздерин калыптандыруу окуучулардын маалыматты кандай түшүнүп, аны менен иштей билүүсүнө жараша болот. Ошондуктан окуучуларга сөздүктөрдүн ар кандай түрлөрү сунушталат: орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча сөздүктөр, түшүндүрмө сөздүктөр, лексикалык сөздүктөр, орфографиялык сөздүктөр, туунду сөздүктөр ж.б.

Балдар орус тилин түшүнбөй, өз оюн сөз менен жеткире албагандыктан орус тили жана адабияты мугалимдерине дооматтарды көп угууга болот. Чындыгында бул маселе бул предметтердин алкагынан да алыс чыгып, мектеп менен ата-энелер жамаатынын биргелешкен аракети менен гана бул маселенин оң чечилишине жетишүүгө болот.

Окуу сабаттуулугун өнүктүрүү жалпысынан окуучулардын мета-предмети болгон коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү менен байланышкан. Демек, мындай ишти орус адабияты сабагында гана эмес, тил, анын ичинде эне тили сабагында да уюштурууга болот, анткени. окуучуларга сунушталган материалдын мазмуну ар кандай текстти түшүнүү менен окуу ыкмаларын өнүктүрүүгө багытталган.

Сабактын жаңы мааниси – мектеп окуучуларынын сабак процессинде өз алдынча таанып-билүү иш-аракети аркылуу маселелерди өздөрү чечүүсү. Сабактын көйгөйлүү мүнөзүн класстагы репродуктивдүү ыкмадан четтөө катары ишенимдүү кароого болот. Сабакта өз алдынча иш канчалык көп болсо, ошончолук жакшы, анткени окуучулар текст менен иштөөдө маселени чечүү көндүмдөрүнө, маалыматтык компетенттүүлүккө ээ болушат.

Заманбап окуу пландары окуу сабаттуулугун өнүктүрүү маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет:

– текстти окуунун коммуникативдик максатын түшүнүү;

- план, тезистер, толук же кыска кайра айтып берүү (оозеки же жазуу) жүзүндө маалыматтарды жазууга;

- тексттин негизги идеясын аныктоо;

- негизги жана кошумча, белгилүү жана белгисиз маалыматтарды айырмалоого;

- лингвистикалык фактыларды, кубулуштарды иллюстрациялоочу же коюлган диссертацияны талашкан маалыматтарды бөлүп көрсөтүү;

- тексттин маалыматына комментарий берүү жана баа берүү.

5-6-класстарда орус тили сабагында окуу сабаттуулугун уюштурууга активдүү мамиле кылуу лингвистикалык тексттер менен иштөөнүн негизинде жүргүзүлөт. Орус тили боюнча окуу китептеринде окуу сабаттуулугу эмгектин негизинде, анын ичинде үзгүлтүксүз жана үзгүлтүкө учураган тексттер (таблицалар, схемалар, кулактандыруулар ж.б.) менен түзүлөт. Бул тексттер окуу жөндөмүнүн бир аз башкача болушун талап кылат, анткени аларда тексттин маалымат бирдиктери жана бул байланыштарга атайын формалдуу көрсөткүчтөр (тилкелердин аталышы, таблицалар, түс, шрифт) алып келет.

Топтук ишти ар кандай жолдор менен моделдештирүүгө болот. Мисалы, орус тили сабагында деңгээлдик тапшырмаларды аткарууда текст менен топторго бөлүп иштөөнү уюштуруу. Окуучуларга бул текстте эмне талкууланарын аты менен боолгоону сунуштоо менен ишти баштаса болот. Мазмуну жөнүндөгү ойлорду окуучулар андан ары текст, аларга мурда таратылып берилген карточкалар менен салыштырышат. Күтүү элементи окуучулардын ишке тез аралашуусуна шарт түзөт, буга чейин белгилүү болгон фактылардын негизинде чыгармачылык фантазиясынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, оозеки билдирүүнү түзүүгө жардам берет ж.б. Орус тили боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык сабактар 4-тиркемеде келтирилген.

Кийинки параграф **Ортонку топтогу мектеп окуучуларынын "жылдыз сымал окуусун" стимулдаштыруу боюнча эксперименталдык иш** кыргыз жана орус мектептеринин 5-6-класстарынын окуучуларынын окурмандык кызыгууларынын диагностикасы – окуучулардын орус тилдүү китеп окууларын оптималдаштыруунун жолдорун иштеп чыгуунун бирден-бир өбөлгөлөрү катары кабыл алынган деп белгиленет. Мына так ушундай изилдөөлөрдүн жыйынтыктары кыргыз мектептеринде сабактан тышкары окууну орус тилинде уюштуруунун кеңири кылып алынган системасынын жумушчу концепциясын түзүү үчүн методисттерге негиз кылынып алынган материал болуп кызмат кылган. Диссертацияны сунуштап жаткан автор конкреттештирүү жана апробация үчүн көрсөтүлгөн системанын борбордук бир чынжырынын кээ бир аспектилерин б.а. “жылдыз сыяктуу окууну” стимулдаштырууну тандап алган, анткени мындай китеп окуу да окулган чыгарма аны менен ичтен байланышкан бир катар чыгармаларды окууга түрткү берет.

Биздин изилдөөнүн материалдары бул иштин методикасын аныктоо үчүн баштапкы позицияны тактоого мүмкүнчүлүк түздү: окуучулардын окурмандык активдүүлүгүн ойготуу жана өнүктүрүү үчүн мугалимдердин кошумча күч-аракетин талап кылган орус адабиятынын чыгармаларынын жанрдык-тематикалык тобун түзүү; мына ушул сыяктуу ишти алардын базасында уюштуруу мыкты деп табылган басылыштардын типтери; окутуучулук технологиянын кээ бир элементтери.

Аталып өткөн маселелерди иштеп чыгуу ошондой эле көркөм чыгарманын окурмандык жеткиликтүүлүгү сыяктуу түшүнүгүн тактоону талап кылды. Кээде кыргыз мектептеринин окуучулары окуп чыккан чыгармалар көлөмү жана тилдик курамы боюнча мына ушул эле мектеп окуучуларынын контингенти үчүн мурдатан эле татаал болуп келгенин окурмандык кызыгууларын изилдөөлөрдүн материалдары көрсөттү.

Диссертацияда баяндалган теориялык баамдоолорду (1-бап) мектеп шарттарына карата колдонуу бул тексттин мектеп шарттарына карата колдонууда окуучулардын берилген контингентинин даярдыктарына жана кызыгууларына карата тиешелүү чара катары көркөм тексттин жеткиликтүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берди.

Бул жерде кызыгуу факторун чыгарманын белгилүү бир деңгээлде даярдыгы бар окурманды кызыктыруу шыгы катары, ошондой эле окурман тарабынан адекваттуу кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деп интерпретациялоого болот.

Андан тышкары биз окурмандык жеткиликтүүлүк деңгээлин анын активдүүлүк чарасынан, этаптардан жана окутуучулук камсыздоо каражаттарынан, потенциалдуу, текстологиялык жогорулатылган жана педагогикалык актуалдаштырылган жеткиликтүүлүк мүнөздөмөлөрүн аныктап туруп дефференциялаштырдык. Бул текстологиялык материалды тандоону, ошондой эле берилген материалга карата окуучулардын окурмандык кызыгууларын стимулдаштыруунун жолун иштеп чыгууну жеңилдетти.

Экспериментти уюштуруп жатып, орус адабиятынын кыргыз мектеп окуучуларынын арасындагы анча популярдуу эмес жанрдык-тематикалык чыгармалар тобун бөлүп алдык, бирок ошол чыгармалардын мазмуну жана курамынын анализинин негизинде жана берилген окуучулар контингентинин өнүгүү деңгээли өз ара катышта деп божомолдоо, алар үчүн потенциалдык жеткиликтүү деп эсептелет.

Биздин шарттарда мына ушул топ – классикалык орус жана заманбап поэзиясы. Поэзия чыны менен эле адамдын сезимдерин тарбиялаган каражаттардын бири деп туура эсептешет. Балдардын жана жаштардын лирикага тартылуусу алардын идеялык кругозорун, адеп-ахлактык келбетин, эстетикалык табитин калыптандырууга жана байытууга жардам берет.

Бирок жооп берген мектеп окуучуларынын окурмандык ориентацияларын изилдөөнүн натыйжалары республиканын кыргыз мектептеринин окуучуларынын маанилүү бөлүгүнүн поэзияга карата кызыгууларынын төмөндүгүн күбөлөндүрүп турат. Ошондуктан биз 5-6-класстардын окуучуларын орус лирикасын өз алдынча тереңдетип окууга кызыгууларына багыт берүү жана стимулдаштыруу боюнча иш алып бардык.

А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун программадан тышкары ырлары эксперименталдык сабактар үчүн материал катары тандалып алынган. Кээ бир чыгармалары менен 5-6-класстардын окуучулары башталгыч мектептен эле тааныш. Тандалып алынган ырлардын тематикасы класстагы жана класстан тышкары окуунун байланышы принцибине ылайык, окуучулар мурда окуп чыккан А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун ырларынын мазмуну менен үндөш. Ошондой эле тексттин жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли жогору болгон атайы басылыштар тандалып алынган. Жергиликтүү басмадан чыккан эки акындын тең лирикасы түшүндүрмөлөр, тексттин алдындагы сөздүкчөлөр жана бир катар учурларда параллель түрдө берилген кыргыз тилиндеги поэтикалык котормолор, ал эми айрым чыгармалар (мисалы, «Сказка о мертвой царевне и семи богатырях») балдарга арналган түстүү иллюстрациялар жана комментарийлер менен берилген.

Тандалып алынган тексттерди педагогикалык актуалдаштырылган жеткиликтүүлүк менен камсыз кылуу максатында этаптуу стимулдаштыруу, 5-6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын колдоо жана өнүктүрүү атайы методикалык системасы иштелип чыккан.

Башында көрсөтмө берүүчү эксперименталдык сабактар уюштурулган: 5 – 6-класстардын сабактарындагы А.С. Пушкиндин жаратылыш жөнүндө ырлары. Класстагы жана класстан тышкары окуунун байланыш принцибин эске алган сабактар окуучуларда ашыктык байланышына, орус акынынын лирикасына болгон өтө кызыгууларына – анын “жизнетворчества”, атмосферасына чөмүлүүнү каалоолоруна, аларда белгилүү бир “преднастройка” түзүүгө арналган.

Андан кийин өзгөчө сабак өткөрүлгөн – “опережающая беседа-викторина”. Бул сабакта окуучулар айрым чыгармалардын пайда болуусунун кээ бир өбөлгөлөрү, алардагы коюлган көйгөйлөр менен таанышышкан. Бирок аңгеме аягына чыкпастан, коюлган суроого жооп берүү менен үзүлгөн жана ал суроого ырды терең ойлонуп окуп чыккандан кийин (аягына чыгарылбагандык аракеттин психологиялык эффекти) гана жооп берүүгө мүмкүн болгон. Ал биринчи сабактын “преднастройкасы” менен окуучуларда берилген акындын лирикасынын кээ бир аспектилери жөнүндө алдын ала жалпы түшүнүктү, тексттин негизги фрагменттеринен алган образдуу, күчтүү эмоционалдык эсте каларлык түшүнүктү калыптандырган.

Корутунду сабакка даярдануу үчүн окуучуларга 7-10 күн берилген жана аларга ал убактын аралыгында кеңири жазуу түрүндөгү жоопторду түзүү сунушталган. Андан тышкары окуучуларга өз каалоолору боюнча аталган акындардын ырларын же алардан алынган үзүндүлөрдү жаттап жана көркөм айтып берүү дагы сунушталган. Жоопторду түзүүдө окуучулар кыйналса, аларга мугалимге кеңеш алуу үчүн же башка классташтары менен чогуу иштөөгө уруксат берилген. Бул жерде коммуникативдик жана жарышуу элементтерин камтыган биргелешип билим алуу аракетин уюштуруу жол-жобосу ишке ашырылган.

Корутундусунда жыйынтыктоочу сынак-сабактар өткөрүлгөн.

Мына ошентип бул предметти окутуу практикасында биринчи жолу ал мектептерде 5-6-класстардын окуучуларынан суроолорго жооптор алынган жана алардын орус тилинде китеп окууларын стимулдаштыруунун атайы системасын ишке ашыруу аракети жасалган. Жогоруда айтылганга ылайык ал өзүнө үч звенону камтыйт:

–Көрсөтмө берүүчү-көйгөйлүү-таасирлүү түзөтүү сабагы;

–Аңгеме-викторина;

–Жыйынтыктоочу сынак-сабагы.

Сабактардын демейдегиден башкача формасы окутуунун өз таасир берүүчү сюрпризодик ыкмаларын колдонуу жолу менен окуучулардын орус тилинде китеп окууларын өнүктүрүүгө жаңы импульс берүүнү койгон максатына жеткен.

Бул комплекс сабактардын салыштырмалуу аягына чыккан процессин түшүндүрөт жана анын методикалык курамы мугалимдин өз окуучулары менен биргеликте мезгил-мезгили менен керектүү вариацияларды колдонуп, кайталанып турушуна шарт түзөт.

Негиз болуучу материалдар менен фрагменттер боюнча аңгеме-викториналардын тексттери “Тиркемелерде” берилген. 5-6-класстардын окуучулары үчүн арналган аңгеме-викториналардагы материалдарда Пушкиндин поэзиясынын эки аспекти – достук темасы жана легендардуу жомок сюжеттери камтылганын белгилей кетүү керек. Мындан мурунку биздин байкоолорубуз  пушкиндик лириканы өз алдынча тереңдетип окууларына карата 5-6-класстардын окуучуларынын кызыгууларын стимулдаштыруунун баштапкы этабы үчүн  бул аспектилер өзгөчө маанилүү деп болжолдоого негиз болгон.

**“Окутуучу эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктары**” А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун лирикасына балдарды тартуу боюнча сабактардын жүрүшү жана алардан алынган кээ бир натыйжалар берилген.

1. А.С. Пушкиндин лирикасы боюнча сабактардын циклы. Окуучуларды өз алдынча китеп окуу боюнча стимулдаштыруу  ишине чейин жана кийин толтуруу үчүн сунушталган анкетада биз “Няня” ырынан фрагмент берип, окуучуларды ырдын мазмунун үстүндө ойлонуп көрүп, андан кийин: эмне үчүн автор ырында улгайып калган аялдын портретин көрсөткөн? деген суроого жооп берүүлөрүн суранганбыз. Азыркы учурда улгайып калган аялдарды нянялыка алышабы? Алдын ала суроодо эксперименталдык класстардын окуучуларынын  70тен 46сы  ( 64,2 %ы) бул суроого жооп беришкен эмес, ал эми 12 (17 %ы) акындын нянясы жөнүндө, аны кичинекей чагынан тарбиялаганын гана билип алышкан. Көпчүлүк балдар башында ырды жана «голубка дряхлая моя», «наморщенные руки», «забытые ворота», «черный отдаленный путь» сыяктуу эпитеттерди такыр түшүнө алышкан эмес.

Викторина-сабагы өткөндөн кийин корутунду сынак-сабагына өз алдынча китеп окуу процессинде кээ бир окуучулар бул ырдын прозалык уландысын жазышкан. Алар үчүн башында такыр түшүнбөй жаткан сөздөр, түйүндүү сөздөр болуп калган. Бирок ырдын маңызы сакталган. Анкетадан кийинки натыйжалар окуучулардын бардыгы бул ырды окуп чыгып, жатка жаттап алышкандарын күбөлөндүрдү.

Балдар А.С. Пушкиндин жаратылыш жөнүндө “Зимнее утро” жана “Зимний вечер” ырларына абдан кызыгышкан. Алар ырдын мазмунун түшүнүп жана акындын ыр аркылуу кышкы таңдын болгон сулуулугун кандай сонун чагылдырганын жана кыштын кеч күнүндөгү «избаны» бийлеп алган жылуу-жумшак атмосфераны сүрөттөгөнүн өзүлөрү түшүндүрүп бере алгандай болушкан. Эксперименталдык класстардын көп окуучулары (эки-үчтөн көбү) ал ырды чын дили менен жаттап чыгышкан. Фрагменттер боюнча өткөрүлгөн аңгеме-викторинанын жүрүшүндө окуучулар лицейлик

досу И.И. Пущинге арналган «Мой первый друг, мой друг бесценный» ырынын басылып чыгышынын тегерегиндеги окуя менен тааныша алышкан. Окуучулар А.С. Пушкиндин өз чыгармачылыгында досторуна көп кайрылганын билишкен. Алардын арасынан Царскосельский лицейинде окуу мезгилинде таанышкан И.И. Пущин эң жакын досу болгон, алардын кызыгуулары жана турмушка болгон көз караштары окшош болгон.

Окуучуларга: 1) эмне үчүн акын бул ырын Михайловское айылында сүргүндө жүргөндө жазганын ойлонуу; 2) акындын досун колдогонун жана жаш кезиндеги идеалдарга берилгендигин кайсы сөздөрдүн жардамы бере алганын табуу; 3) “Мой первый друг, мой друг бесценный” ырын жатка көркөм окуп берүү жана акындын досуна болгон сезимдерин жана ой-пикирин айтып берүү сунушталган.

Окуучулардын маанилүү бөлүгү ырдын маңызын корутунду сабакка келгенде түшүнө алышты, анткени жаш кезектеги достон куугунтуктагы акын келип колдоп коюу үчүн чоң эрдик керек болгонун билген. Н.Н. Генин “И.И. Пущин в гостях у Пушкина” картинасы балдарда кызыгуу жараткан.
Окуучулар үчүн аңгеме-викторинанын акыркы тапшырмасы аткарууга татаал болгон. Аларга Лицейдин биринчи бүтүрүүчү лицеисттеринин тизмесин жазуу тапшырылган. Ошону менен катар Пушкин менен бүткөн лицеисттердин өмүрү жана ишкердиги тууралуу кыска маалымат даярдоо керек болгон.

Окуучулар корутунду сабакка берилген убакытта (7-10 күн) толугу менен даяр боло алышкан эмес, берилген тапшырма толук аткарылган эмес (алар баары биригип тизмеге 3 гана лицеистти таап жаза алышкан). Бирок ошого карабастан кээ бир окуучулардын изденүү-изилдөөчүлүк ишти чын дили менен берилип (интернет-каражаттардын жардамы менен) аткарганы маанилүү болгон. Алар сунушталган адабияттарды издеп таап келечектеги улуу акындын жанында жашап жана окугандардын аты-жөнүн издөөдө адабияттарды изилдөө максатында абдан кунт коюп окушкан. Акыркыга окшош аңгеме-викториналардын тапшырмалары орус көркөм адабиятынын мектептик ийримдеринин сабактарында өзгөчө натыйжалуулук менен аткарылышы мүмкүн. Кээ бир орус тил жана адабият мугалимдери мына ушул сыяктуу ишти өз класстарында биздин эксперименттер аягына чыккандан кийин өткөрө башташты.

Окуучулардын өзгөчө кызыгуусун Пушкиндин «Конь (Что ты ржешь, мой конь ретивый…)» ыры жаратты. Окуучулар байыртадан эле кыргыз эли атты эң кымбат нерсе катары тутаарын жана атын жоготуп алган адам канаты жок кушка барабар экенин баса белгилешти. Балдар кыйналбастан эле баатырдын аты жакын досу жана ишенимдүү жардамчысы болгон кыргыз элинин жомок жана оозэки поэтикалык чыгармаларынан мисалдарды эстешти.

Орус тилин жана адабиятын окутуу процессинде көрсөтмөлүүлүктүн ролу талашсыз. Бешинчи жана алтынчы класстарда визуалдык сабактарды берүү өзгөчө маанилүү, анткени текстти изилдөөдө элестетүү фантазиясы

азыраак иштейт. Мына ушуга байланыштуу викторинага даярданып жаткан окуучуларга «Конь (Что ты ржешь, мой конь ретивый…)» ырын негиздүү иллюстрациялар биздин учурда В. Васнецов жана Н. Кочергиндин сүрөттөргө туюндуу сөздөр дал келген басылыштардан окуп чыгуу сунушталган. Реципиенттер үчүн мына ушундай кызыктыруучу жана спецификалык иштин формасы окуучулардын поэтикалык оригиналдардын алардын эне тилиндеги котормолору менен салыштырууга мүмкүнчүлүк берди. Аңгеме-викторинанын кээ бир суроолоруна жоопторду даярдоо окуучулардын пушкиндик ырлар менен бирге башка орус акындарынын ырларын ойлонуу менен окуп чыгышат деп болжолдогон.

2. К.М. Симоновдун лирикасы боюнча сабактардын циклы

Эксперименталдык класстардын окуучулары көйгөйлүү-таасирлүү сабактарга – Симоновго жана анын чыгармачылыгына кызыгууну калыптандырууга, мектеп окуучуларында чыгармаларды тереңирээк түшүнүү үчүн баштапкы окурмандык базаны түзүүгө арналган, акындын “Да, мы живем, не забывая...” ыры боюнча эки сабакка кызыгуу менен катышышты.

Сабак К. Симоновдун «До утра перед разлукой» ырын угуудан башталат. Андан кийин балдар төртүнчү класста 23-февралга карата үйрөнгөн «Да, мы живем не забывая» ырын эстерине салышат. Сабактын мындай башталышы, ошондой эле андан ары жүрүшү балдарды Константин Симонов – жазуучу-солдат, ал чыгармаларында окуучуларды дайыма аскердик досчулукка, ишенүүгө жана туулган жерине жеңиш менен кайрылып келиш керек деген ойго үндөйт. Акын: «Армия для меня – это все. Вся жизнь», – деп дайыма өзүнө эстетип турган.

Андан кийин «До утра перед разлукой» ырынын биринчи жана акыркы саптары, ошондой эле “Кукла” ыры окулат. Дал ушул акын К. Симоновдо, согуш жылдарында жазылган бул жана башка кээ бир ырларында, улуттук-орус мотивдери өзгөчө бир күч менен берилген. Мына ушул жерде окуучулардын ойлонуусу үчүн биринчи көйгөйлүү суроо узатылат: эмне үчүн акын ырларында ал үчүн эң кымбат болгон, өзү төрөлгөн жерди сыймыктануу күчтүү сезими менен көрсөткөн?

«Ты помнишь, Алеша, дороги Смоленщины...» ырын К. Симонов 1941-жылы жазган. Ошол убакта башка аскердик бөлүктөр менен бирге ага да артка чегинүүгө туура келген. Акын жакында немецтер басып келе турган айылдардагы элдин аскерлерди кандай тосуп алышып жана кантип узаткандарын унута алган эмес. Мына ошол эмоцияларын ал поэтикалык саптарында чагылдырган.

Ата-Мекендин улуулугу ал үчүн татаал мезгил болуп турганда өзгөчө сезилет. Акын кеңири сүрөттөгөн чоң көркөм чыгарма жаратып, Ата-Мекендин улуулугун жол образы аркылуу берген: ал солдаттарды жаңы салгылашууларга алып барса, алардын артында калгандар солдаттардын келип фашисттерди кууп чыгышын күтүүгө даярдыктарын билдиришкен.

Бул иштин жыйынтыгы орус акындарынын лирикалык чыгармаларындагы эмоционалдык-маанилик мазмунуна карата

окуучулардын көңүл бурууларын тереңдетүү, орус поэзиясы үчүн мүнөздүү метафоралык жана символикалык образдардын кээ бир көркөм маанисин ачып берүүгө даярдык болду.

“Умирают друзья, умирают...” ыры акындын аскердик досторунун жана курдаштарынын катары чыны менен эле азая баштаган 1970-жылы жазылган. Бул чакан ыр фронттогу досчулуктун жана акыркы бир кесим нандын баасын билген адамдын күндөн-күнгө күч алып бараткан жалгыздык жагдайын чагылдырган. Ошондой эле кайгы сезими бийлеп алган ыр – эч бир сиңирген эмгек ден соолукту, жакын адамдарды, кыйбас замандаштарды кайтарып бере албайт, кайгы тартуудан арылтпайт.

Мына ошентип А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун ырларын өз алдынча окууга 5 – 6-класстардын окуучуларын тартуу боюнча иштин жаңы түрүнүн жүрүшүн байкоо, узатылган жооптор жана контролдук анкетанын жыйынтыктары, окуучулардын өзүлөрүнүн негиздүү материалдар менен болгон фрагменттер боюнча аңгеме-викторина ишине карата ачык мамилелердин байкалышы, мына ушундай класстан тышкаркы окуу формасын стимулдаштырунун натыйжалуулугу жөнүндө күбөлөндүрдүп турат.

А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун чыгармалары боюнча 5 – 6-класстардын окуучулары менен жүргүзүлгөн экспериментти корутундулап жатып, төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1. Эксперименталдык класстардын окуучуларынын окурмандык ориентацияларында жогоруда айтылган орус акындарынын чыгармачылыгынын “галактикасы” маанилүү кеңейди. Мисалга алсак, эгер алдын ала анкета алганда жогоруда белгилүү контролдук жана эксперименттик класстардын реципиенттернин арасынан А.С. Пушкиндин 12 чыгармасын тааныйбыз деп аташса, тиешелүү иш-чаралардын натыйжасында бешинчи класстардын окуучуларына тааныш улуу орус акынынын чыгармаларынын саны 43кө жеткен.

2. Балдардын бул же тигил чыгарманын пайда болуу тарыхы жөнүндө билүүгө умтулуулары бир топ жогорулаган. Биз А.С. Пушкиндин жана К.М. Симоновдун көп ырлары окуучулар үчүн уккулуктуу жана эң сонун рифмаланган саптардын гана топтому болуп калган жок деп айтууга толук негиз бар.

Жалпысынан эксперименталдык материалдар окурмандык кызыгуунун анык кызыгууга өнүгүшү б.а. окуп жаткан адабияттын белигилүү бир кубулуштары менен таанышуудагы аң-сезимдүү керектөөдөн ошол эле кубулуштарды изилдөө үчүн орус тилдүү өз алдынча окурмандык ишкердикке өтүү процессине өбөлгө болгон, жогоруда баяндалгандай түзүлгөн сабактар, окуучуларда гармониялык жана көп образдуу “мотивдердин тармагын” калыптандырууга жардам берге турганына ишендирип турат.

Апробациядан өткөн сабактардын системасы орус поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүн классто жана класстан тышкары өздөштүрүүдөгү өз ара байланышты ишке ашырууга жана бекемдөөгө жардам берди.

Сунушталып жаткан иштин формасы сыягы универсалдуу эмес болсо керек: бул болгону мектеп окуучуларынын орус тилдүү окурмандык өнүгүүлөрүн стимулдаштырууга багытталган усулдук системанын чынжырчаларынын эле бири.

**Корутундулар**

1. Психологиялык-педагогикалык көйгөй катары аракеттүүлүк ыкмасынын позициясынан алганда, окурмандык кызыгуу категориясынын теориялык-педагогикалык анализи, мектеп окуучуларынын орус тилдүү окурмандык ишмердүүлүгүн уюштуруу маселелеринин контекстинде, мына ушул категорияны тактоонун перспективасын ачат. Окуучулардын мотивациялык чөйрөсүн уюштуруунун ушундай эле өбөлгө болуп жана алардын окурмандык өнүгүүлөрүн стимулдаштырууга шыктуу болгон педагогикалык диагностиканын формаларынын ар түрдүүлүгүн жакшыртуу – окуп жаткандардын окурмандык кызыгуулар абалынын анализи жана динамикасынын перспективаларын аныктоо системасы болушу мүмкүн.

2. Окуучулардын окурмандык кызыгууларын педагогикалык диагностиканын жакшыртылган инструменти – тереңдетилген жана кеңири суроолор тизмегине басым жасоо менен изилдөө – окуучулардын көркөм-адабий ориентацияларын деталдуураак жана адекваттуураак картинасын аныктоого жардам берет.

Алынган маалыматтарды кыргыз окуучу балдардын өз алдынча орус тилдүү китеп окууларын стимулдаштыруу боюнча методикалык ишти жакшыртуунун өбгөлөрүнүн бири деп эсептөөгө болот. Ал эми автор тарабынан иштелип чыккан жана апробациядан өткөрүлгөн суроолор тизмеси окуучулардын окурмандык кызыгууларын дайыма изилдеп турууну уюштуруу боюнча практик-мугалимдерге берилген сунуштардын негизине жатышы керек.

3. Кыргыз мектептеринин 5 – 6-класстарынын окуучуларына орус тили жана адабияты сабагында өз алдынча окуу кызыгууларын калыптандыруу жана алардын окурмандык кызыгууларын ийгиликтүү уюштуруу, жеткиликтүүлүк /берилген шарттардагы орус көркөм тексттердин татаалдык көйгөйү илимий негизделген чечимди талап кылат. Жеткиликтүүлүктүн дидактикалык категориясын заманбап психологиялык-педагогикалык трактовканын, окуучунун "жакынкы өнүгүүсүнүн зонасын" эсепке алып, мектеп шарттарына карата окуу материалынын татаалдыгынын колдон келе турган чарасы деп алып караганда бул тексттин ушул окуучулар контингентинин кызыгууларына жана даярдыгы туура келген чара катары аныктайбыз.

Тексттин окурмандык жеткиликтүүлүгү – динамикалык категория: окурман-окуучу үчүн башында жеткиликтүү эмес болгон чыгарма текстти структуралык окуу-текстологиялык уюштуруунун жана мугалим тарабынан

белгилүү методикалык ыкмалардын системасын колдонуунун натыйжасында жеткиликтүү болуп калышы ыктымал.

Бул категорияны системалуу кароого карата ар түрдүү ыкмалар болушу мүмкүн. Тексттин жеткиликтүүлүгүнүн динамикалык жаратылышын эсепке алуу жана биздин изилдөөнүн жыйынтыктары анын варианттарынын бирин градуировать этүүнү сунуштоого негиз болду:

–Чыгарманын потенциалдык окурмандык жеткиликтүүлүгү;

–Текстологиялык жогорулатылган окурмандык жеткиликтүүлүгү;

–Педагогикалык же окуу-практикалык, актуалдаштырылган тексттин окурмандык жеткиликтүүлүгу.

Ар бир берилген деңгээлде чыгарманын окурмандык жеткиликтүүлүгүнүн тилдик, идеялык-көркөм, улуттук-маданий аспектилери эсепке алынат.

Сунушталып жаткан ыкма эң алгач педагогикалык чындыкты оперативдүү жакшыртуу максатын көздөйт: ал бизге "татаалдыкты регулировкалоо" принцибин жетекчиликке алып, илимий негизделген тандоону так уюштурууга, алдын ала методикалык даярданууну, кыргыз мектебинде орус тилдүү көркөм тексттерди практикалык өздөштүрүү жана натыйжада окуучулардын орус адабиятына болгон кызыгууларын өнүктүрүүнү, аны бара-бара өз алдынча үйдө окууну стимулдаштырган колдон келе турган татаал чараны камсыз кылуу.

4. Биздин изилдөөнүн материалдары жалпысынан окурмандык кызыгуунун илгери адымдаган мүнөзү жана кыргыз мектеп окуучусунун орус тилдүү окурмандык ишкердиги анын жашынан жана окуу этабынан көз каранды экени жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Орус тилин өздөштүрүү деңгээлиндеги маанилүү жылыштар, улам жашы жогорулаган сайын окуучулардын орус тилине которулган китептерди окууга болгон кызыгуусун төмөндөтүп, чыгарманы оригинал тилинде окуу керектөөсүн жогорулатат.

Позитивдүү тажрыйбаны жалпылоону эсепке алуу менен, мектепте орус адабиятын класстан тышкары окуу боюнча окуу-методикалык иштин бир катар аспектилерин биринчи планга чыгарууга жогоруда айтылгандар түрткү берет. Алардын катарында:

–окуучулардын тиелешүү билимдерине, көндүмдөрүнө жана билгичтиктерине градуацияланган талап;

–окуу үчүн сунушталган адабияттын формаларын жакшыртуу (анча чоң эмес порциядагы китептерди персоналдык топтук сунуштоо, болушунча класстан тышкаркы ар бир сабакка);

–орус тилчи мугалим менен китепканачынын ишкердигин пландуу координациялоо;

–балдардын китеп окууларын стимулдаштыруу маселелери боюнча ата-энелерди педагогикалык окутууга уюштуруу.

5. Изилдөөнүн материалдарына ылайык 5-6-класстардын окуучуларынын класстан тышкары китеп окуусун уюштурунун окуу-нормативдик базасын жакшыртууга багытталган кээ бир сунуштар: а) орус

тили жана адабияты боюнча программалардын “Түшүнүк катына” мектеп окуучуларынын адабий-окурмандык ориентацияларын изилдөөгө жана ошол ориентацияларды алардын өз алдынча китеп окуусун уюштуруу процессинде эсепке алууга арналган атайы бөлүмдү киргизүү; б) аракеттеги программаларга, класстан тышкары окуу тизмесине балдардын кызыгууларына жооп берген жана окурмандык өнүгүүлөрүн активдештирүүгө жардам берген, эне тили жана орус тилиндеги бир катар чыгармаларды кошумча киргизүү.

**Диссертациянын темасы боюнча басылган иштердин тизмеси:**

1. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Об особенностях формирования речевой компетентности в классе полиэтнического состава [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, М.А. Ногаев // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – № 2. –171-173-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25829299
2. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Педагогическая концепция коммуникативной компетентности: мифы и реальность. [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, М.А. Ногаев // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2017. - № 1. –390-396-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42810281
3. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Инновационные методы обучения, как основа формирования языковой компетентности [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018. –№ 2. –366-370-бб.
4. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Природа и человек в романе Чингиза Айтматова «Плаха» [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018. – №1. – 61-64-бб.
5. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Формирование экологической культуры и образования у учащихся полиэтнических классов на уроках русского языка и литературы [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Сборник трудов IV Международной научно-практической конференции. – Бишкек, 5-6 июня 2018. – С. 275-278. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35454636
6. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Природа и человек в романе Чингиза Айтматова «Плаха» [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Материалы межд. научно-прак. конф. “Ч.Айтматов. личность. эпоха” – М., 10-11 декабря 2018. – С.65-72. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42830299
7. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Русский язык – исторически признанное межкультурное средство общения в Кыргызстане [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Проблемы науки. – 2018. – № 6. –56-60-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35129970
8. **Жолдошалиева, Ж.Э.** О некоторых вопросах влияния русского языка, как языка межэтнических культур [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // The Way of Science International scientific journal. – № 7 (53). – Волгоград, 2018. –62-64-бб. https://clck.ru/T2xGu
9. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Дидактические основы формирования интереса к чтению на уроках литературы учащихся 5-х классов [Текст] / Ж.Э.

Жолдошалиева // Наука и образование: новое время. – 2019. – № 1.- 353-362-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=37106378
10. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Психолого-педагогические аспекты формирования читательских интересов [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Наука и образование: новое время. – 2019. – № 2(31). - 257-263-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=37536119
11. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Читательские интересы учащихся как психолого-педагогическая проблема [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. - 2019. –60-66-бб.
12. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Творец и мастер слова XV века [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Материалы науч.- практ. конф. «Алишер Навои и XXI век». – Ташкент, 2019. –185 – 187-бб.
13. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Об уровнях доступности текстов русской художественной литературы для учащихся-киргизов [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Г.У. Соронкулов // Русский язык и литература в школах Кыргызстана. - 2020. – № 1. –36-41-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45641248
14. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Особенности изучения читательских интересов учащихся 5-7-х классов в общеобразовательной школе [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Н.К. Абдыгазиева // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – 2020. - № 3. –126-132-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451169
15. **Жолдошалиева, Ж.Э.** К проблеме изучения и формирования читательских интересов учащихся-кыргызов среднего концентра обучения [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Г.У. Соронкулов // Электронный журнал ВАК. – 2020.
16. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Проблема формирования интереса к чтению на уроках литературы у учащихся среднего звена [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Н.К. Абдыгазиева // Актуальные вопросы образования и науки. – Архангельск, 2021. – № 1 (71). – 9-11-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44821473
17. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Роль личностно-ориентированного подхода в обучении [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Н.К. Абдыгазиева // Бюллетень науки и практики. – 2021. – Том 7. – № 3.– 293-296-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44884201
18. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Словарная работа при изучении состава слова и словообразования в 5-6-х классах национальной школы [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева // Сборник научных статей международного научно-образовательного форума Стратегические ориентиры развития Центральной Азии: история, тренды и перспективы» - Екатеринбург, 23–25 ноября 2021 года. –68-76-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47578032
19. **Жолдошалиева, Ж.Э.** Словарь-минимум литературоведческих терминов [Текст] / Ж.Э. Жолдошалиева, Г.У. Соронкулов. – Бишкек, 2022. - 50 с.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Жолдошалиевой Жылдызкан Эркиновны на тему «Дидактические основы формирования у учащихся 5 – 6-х классов интереса к чтению на уроках русского языка и литературы» на соискание учёной степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (русский язык)**

**Ключевые слова:** формирование интереса к чтению, литература, учитель-словесник, компетентность, культура чтения, духовное обогащение, склонности, мотив, психолого-педагогическое изучение, читательские ориентации, пофрагментная беседа-викторина, внеклассное чтение.

**Цель исследования** – выявить читательские интересы учащихся по русской литературе, на этой основе разработать, обосновать и экспериментально апробировать рекомендации о путях корректировки системы по формированию читательских интересов учащихся-кыргызов.

**Объект исследования –** процесс формирования читательских интересов у учащихся 5 – 6-х классов общеобразовательной школы.

**Предмет исследования** – дидактические основы формирования читательских интересов у учащихся 5 – 6-х классов кыргызской школы.

**Методологической основой** исследования является совокупность психолого-педагогических положений трудов классиков образования, посвященных вопросам формирования читательских интересов ребят.

В решении поставленных задач нами использован комплекс взаимодополняемых методов: а) социолого-педагогический; б) опытно-экспериментальный; в) эмпирический: наблюдение, беседа, анкетирование, тестирование, анализ школьной документации; г) статистический.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:**

– уточнено понятие «читательский интерес», определены критерии и уровни его сформированности у учащихся-кыргызов 5 – 6-х классов;

– разработана система формирования читательских интересов у учащихся данного концентра обучения;

– выявлены особенности педагогического руководства формированием читательских интересов школьников-кыргызов с учетом их этнопсихологических и возрастных особенностей.

**Практическая значимость исследования** определяется тем, что его результаты могут стать базой для составления методических пособий по руководству самостоятельным чтением школьников, использоваться учителями школ в практической работе, преподавателями вузов в лекционном курсе методики преподавания русской литературы, при разработке соответствующих спецкурсов и спецсеминаров. Наши данные могут послужить также исходной базой для определения научно-обоснованного перечня адаптированных книг для внеклассного чтения в серии «Библиотека кыргызского школьника», разработку и издание которых, по нашему убеждению, следует возобновить.

**Жолдошалиева Жылдызкан Эркиновнанын "Орус тили жана адабияты сабагында 5 – 6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун дидактикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (орус тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** китеп окууга кызыгууну калыптандыруу, адабият, тилчи мугалим, компетенттүүлүк, окуу маданияты, руханий баюу, шык, мотив, психологиялык-педагогикалык изилдөө, окурмандык ориентация, фрагменттер боюнча аңгеме-викторина, класстан тышкаркы окуу.

**Изилдөөнүн максаты** – окуучулардын орус адабияты областындагы китеп окууга кызыгууларын аныктоо жана анын негизинде кыргыз мектеп окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандырууга багытталган системаны тууралоонун жолдорун иштеп чыгуу, негиздөө жана эксперименталдык апробациядан өткөрүү.

**Изилдөө объектиси –** орто мектептердин 5-6-класстардын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу процесси.

**Изилдөө предмети** – орто мектептердин 5-6-класстарынын окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун дидактикалык негиздери.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи –** балдардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруудагы классиктердин эмгектеринин психологиялык-педагогикалык жоболорунун жыйындысы. Милдеттерди чечүү үчүн бири-бирин толуктаган ыкмалардын комплексин колдондук: а) социологиялык-педагогикалык; б) эксперименталдык тажрыйба; в) эмпирикалык: байкоо, аңгеме, анкета алуу, мектеп документацияга анализ, мугалим жана окуучуларды сурамжылоо; г) статистикалык.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

– "окурмандык кызыгуу" түшүнүгүнүн спецификасы такталды, 5-6-класстарынын окуучуларында анын калыптануу критерийлери жана деңгээли аныкталды;

– билим алып жаткан концентрдин окуучуларында китеп окууга болгон кызыгууну калыптандыруу боюнча система иштелип чыкты;

– кыргыз мектеп окуучуларынын этнопсихологиялык жана жаш өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, алардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун педагогикалык жетектөөнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары окуучулардын өз алдынча китеп окуу колдонмосун түзүүгө база болуп берет, мектеп мугалимдерине, орус адабият окутуу методикасы курсунда, атайын курстар жана семинарларды иштеп чыгууда жогорку окуу жайлардын окутуучулары колдонушу мүмкүн. Ошондой эле бул маалыматтар басылышын кайрадан жаңылоону талап кылган "Кыргыз мектеп окуучусунун китепканасы" сериясындагы класстан тышкары окуу үчүн адаптацияланган

китептердин илимий-негизделген тизмесин аныктоо базасы катары колдонулушу мүмкүн.


## RESUME

**dissertation work Zholdoshaliyeva Zhyldyzkan Erkinovna «Didactic foundations of the formation of students in grades 5-6 of interest in reading in the lessons of the Russian language and literature» for the degree candidate of pedagogical sciences, specialty 13.00.02 - theory and methods of teaching and education (Russian language)**

**Key words:** formation of interest in reading, literature, language teacher, competence, reading culture, spiritual enrichment, inclinations, motive, psychological and pedagogical study, reading orientations, fragmentary quiz conversation, extracurricular reading.

**The purpose** of the study is to identify the readers 'interests of students in Russian literature, on this basis to develop, substantiate and experimentally test recommendations on ways to adjust the system to form the readers' interests of kyrgyz-students.

**The object** of the research is the process of the formation of readers' interests among students of the 5th - 6th grades of a general education school.

**The subject** of the research is the didactic foundations of the formation of readers' interests among students in grades 5-6 of the Kyrgyz school.

**The methodological basis of the research** is a set of psychological and pedagogical provisions of the works of the classics of education, devoted to the formation of the readers' interests of children. In solving the set tasks, we used a set of complementary methods: a) sociological and pedagogical; b) experimental; c) empirical: observation, conversation, questioning, testing, analysis of school documents; d) statistical.

**Scientific novelty and theoretical significance of the research:**

- the concept of "reader's interest" was clarified, the criteria and levels of its formation among Kyrgyz students in grades 5-6 were determined;
- developed a system for the formation of readers' interests among students of this concentration of learning;
- revealed the features of pedagogical guidance in the formation of the reading interests of Kyrgyz schoolchildren, taking into account their ethnopsychological and age characteristics.

**The practical significance** of the study is determined by the fact that its results can become the basis for the compilation of methodological manuals for guiding the independent reading of schoolchildren, used by school teachers in practical work, university teachers in a lecture course of teaching methods of Russian literature, in the development of appropriate special courses and special seminars. Our data can also serve as a starting base for determining a scientifically grounded list of adapted books for extracurricular reading in the “Library of a Kyrgyz student” series, the development and publication of which, in our opinion, should be resumed.

Формат 60х84 1/16. Объем 1,5 п.л.
Бумага офсет. Офсетная печать. Тираж 100.

ИП «Сарыбаев Т.Т.»
г. Бишкек, ул. Раззакова, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com